УДК: 7.011.2:101.1 (575.2.) (043.3)
**DOI:10.58494/esai.23(7).2023.03**

*Авазбек кызы Замирахан, ОшМУ,*
*магистрант*

## АЗЫРКЫ МУЗЫКАДАГЫ НРАВАЛЫК БААЛУУЛУКТАР

***Аннотация:*** *Бул макалада моралдык баалуулуктар адамды баалоого жана аны курчап турган дүйнодо оз ордун табууга жардам берүү жактары изилденди. Адам озүнүн тигил же бул аракетти аркылуу жашоодо жакшылык, жамандык, бакыт, адилеттүүлүк, сүйүүнүн маани маңызын түшүнөт жана алар коомдук баалуулуктардын жалпы кабыл алынган системасы экендигин таанып билет. Ошонун негизинде анын инсандыгы, коомдогу жүрүм-туруму, озүн-озү аңдоосу калыптанат. Макалада музыканын моралдык баалуулуктарга тийгизген таасири талкууланат. Ар түрдүү музыкадагы морал темасын изилдеген авторлор адеп-ахлаксыз да музыка да болушу мүмкүн экендигин аныкташып, кээ бирлери музыка позитивдүү адеп-ахлактык баалуулуктарды гана алып жүрот деп белгилешет. Тандалган тема актуалдуу музыканын коомго, нравалык баалуулуктарга терең таасир тийгизишин, ошондой эле маданий чөйрөлөрдүн ортосундагы өз ара реалдуу байланыштарын көрсөтөт.*

***Түйүндүү создор:*** *музыка, моралдык баалуулуктар, мадания́т, онүгүү, инсан, байланыш.*

## ЭТИЧЕСКИЕ ЦЕННОСТИ В СОВРЕМЕННОЙ МУЗЫКЕ

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются способы, с помощью которых моральные ценности помогают оценить человека и найти свое место в окружающем мире. Через то или иное действие человек понимает сущность добра, зла, счастья, справедливости, любви в жизни и признает, что они являются общепринятой системой социальных ценностей. На основе этого формируются его личность, поведение в обществе, самосознание. В статье рассматривается влияние музыки на нравственные ценности. Авторы, изучавшие тему морали в различной музыке, пришли к выводу, что музыка без морали может быть, а некоторые говорят, что музыка несет в себе только положительные моральные ценности. Выбранная тема показывает глубокое влияние современной музыки на общество, моральные ценности, а также реальные связи между сферами культуры.*

***Ключевые слова:*** *музыка, моральные ценности, культура, влияние, развитие, личность, общение.*

## ETHICAL VALUES IN MODERN MUSIC

**Annotation.** *This article examines the ways in which moral values help evaluate a person and find their place in the world around them. Through this or that action, a person understands the essence of good, evil, happiness, justice, love in life and recognizes that they are a generally accepted system of social values. On the basis of this, his personality, behavior in society, and self-awareness are formed. The article examines the influence of music on moral values. Authors who have studied the theme of morality in various music have come to the conclusion that there can be music without morality, and some say that music carries only positive moral values. The chosen topic shows the profound influence of modern music on society, moral values, as well as real connections between cultural spheres.*

***Key words:*** *music, moral values, culture, influence, development, personality, communication.*

Музыка өзүнүн ар тараптуулугунан улам эмоционалдык жана руханий маалыматты сактоого жөндөмдүү. Анын функцияларынын бири бул маалыматты адамдан-адамга, муундан-муунга өткөрүп берүү. Азыркы социалдык-маданий шарттарда жаштардын руханий потенциалын музыка жана анын экспрессивдүү каражаттары аркылуу калыптандыруу маселеси жаңы илимий, теориялык жана практикалык чечимдерди талап кылууда. Жаш муундун руханий потенциалын өнүктүрүү фактору катары музыкалык билимге кайрылуу маселеси актуалдуу болуп калууда. Музыка искусствонун спецификалык түрлөрүнүн бири болуу менен реалдуулукту музыкалык образдар жана музыкалык экспрессивдүү каражаттардын системасы аркылуу чагылдырып, көңүл ачууга, ырахаттанууга умтулуу жаш муундун эрки менен аң-сезиминин деградациясына алып келиши мүмкүн.

Ар бир адам, тигил же бул жол менен, музыкадан таасирленет, бирок ага дайыма маани бере бербейт. Заманбап популярдуу музыкалар көбүнчө татаал музыкалык форманы же өзгөчө семантикалык жүктү алып жүрбөйт. Ошондой эле, заманбап музыка абдан ритмдүү экенин айтууга болот [1].

Тилекке каршы, акыркы убакта маданиятта, искусстводо, билим берүү чөйрөлөрүндө руханий жактан начарлоо байкалат. Руханийлүүлүк, адеп-ахлак билим берүү үчүн зор потенциал болуп саналат, искусствонун эң жогорку түрү катары музыкага балдарга эстетикалык билим берүүдө колдонулуп келген, бирок бүгүнкү күндө музыкага билим берүү чөйрөсүндө жетишээрлик деңгээлде көңүл бурулбай келүүдө [2].

Музыкалык искусствонун адептүүлүк проблемасына Конфуций жана М.Гендель сыяктуу ойчулдар, Э.Ансерме жана Р.Роллан, жазуучулар – Дж.Н.Грин, Дж.Санд жана Л.Толстой аттуу музыка таануучулар жана музыка сынчылар ж.б. терең көңүл бурушкан. Алар музыка дайыма кыймылда, динамикада болушун көрсөтүшүп, адамдын жан дүйнөсүнө түрдүү добуштардын терең таасир берүү жактарына токтолушкан. Ал эми И.Бахтын пикири боюнча «Музыкант өзү талантуу, тажрыйбалуу болгондо гана угуучунун жүрөгүн козгой алат. Ал өзү ички дүйнөсүндөгү сулуулукту, музыка угуучуларга жеткиргиси келет» [3].

Музыкага болгон кызыгуу адамдын индивидуадык табиятына мүнөздүү. Француз жазуучусу Ж.Санддын пикири боюнча: «Музыканын негизги максаты – эмоционалдык толкундануунун козгоо. Искусствонун бул түрү адамдын жүрөгүндөгү асыл сезимдерди ушунчалык бийик деңгээлде ойготот, ал эми көркөм өнөрдүн башка түрлөрү жаратылыш коозлугун, инсандын ой жүгүртүү сулуулугун, адамдардын оригиналдуулугун, кубанычтарын жана азаптарынын оордугун терең чагылдыра албайт»[4]. Сюнь-Цзынын пикири боюнча «Музыка эл арасында жакшы ойлорду ойготууга жөндөмдүү, алардын аң-сезимине терең кирип, адеп-ахлакты, каада-салтты оңой эле өзгөртөт". Аристотелдин пикири боюнча "Музыка гана оң мүнөздү калыптандыруучу күчкө ээ. Музыканын жардамы менен адам өзүндө оң сезимдерди өнүктүрүүгө үйрөнө алат" [5].

Байыркы философтор музыканын жардамы менен адамдын психикалык абалына таасир этип, психикалык тең салмактуулукту жөнгө салууга болот деп эсептешкен. Ар кандай обондор адамдардын ар кандай мүнөзүнө, темпераментине, алардын маанайына туура келгенде гана адамдарды белгилүү бир маанайга үндөөгө жардам берет, бирок бул адамдардын адеп-ахлактык тарбиясы музыканын өзүнөн көз каранды дегенди билдирбейт. Музыканын философиясынын бул психологиялык жагы адамдын жашоо дүйнөсү менен көбүрөөк байланыштуу. Аристотель өзгөчө музыканын проблемасын ойлогон, бирок этика менен музыканын байланышы жөнүндөгү маселе ачык бойдон калган [6].

Музыка руханийликтен, нравалуулуктан алыстабашы керек жана ал нравалуулуктун обьективдүү мыйзамченемдүүлүктөрүн бузган болсо анда искусствонун бул түрү жалпы адамзат үчүн өтө коркунучтуу күчкө айланат. Ал эми Э.Ансерменин пикири боюнча "Улуу композиторлор өздөрүнүн музыкалык чыгармаларында жеке кубанычтарын жана кайгыларын эч качан ачыкка, коомчулукка чыгарган эмес» [7]. Бирок азыркы учурда тескерисинче музыкалык чыгармалардын авторлору жеке жашоосун терең ачып берүү көнүмүш адатка айланды. Музыка адамзат маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү болуп

саналат. Ошондуктан музыкалык маданияттын өнүгүү процессинде, белгилүү бир идеялар калыптанат.

Ага дин, илим, философия, көркөм өнөрдүн бардык түрлөрү таасирин тийгизип келгендигин белгилүү. Азыркы учурда адеп-ахлактыктын өзү олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп, музыканын нравлуулукка болгон таасири толук изилденип бүтө элек.

Дүйнөдө маданий процесстердин жүрүшү нравалык баалуулук системасынын деформациясына алып келди, моралдын кийинки өнүгүшү түшүнүксүзүктү пайда кылды. XX кылым музыкалык кубулуштардын сапаттык жактан тез өсүшүнө алып келди, эки тараптуу, ички моралдык жактан карама-каршы турган татаал композициялык чыгармалар жаралган [8]. Музыканын жана моралдын спецификасын түшүнүү үчүн алардын өз ара байланыштарын изилдөө керек.

Музыкалык чыгармалардын башкы максаты жаштарга татаал байланыштарды түшүнүүгө жардам берүү жана адептүүлүк, тарбиялык иштерди тынымсыз жүргүзүү болуп саналат. Заманбап маданият музыка жана адеп-ахлак ортосундагы диалогу катары мүнөздөлөт, башкача айтканда угуучуга бийик ойлорду, идеяларды жеткирүү. Сулуулукка жана жакшылыкка негизделген трансформация, инсандын калыптанышына жардам берет.

Чыныгы аткаруучу нравалуулукту сактап, ийкемдүү болуу жөндөмдүүлүгүн музыка менен биргеликте жаратат. Адам адеп-ахлакты аткаруучу гана эмес, жаратуучу да болуп эсептелет. Тарыхый өнүгүү процессинде адеп-ахлактын чыгармачылыктын мазмуну аркылуу жогорулайт. Музыка – бул инсандын бир тараптуулугун чыгармачылык менен жеңүүнүн маанилүү каражаттарынын бири.

Белгилүү бир тарыхый доорлордо музыка адеп-ахлакка баш ийип келгени менен, ал маңызы боюнча салыштырмалуу түрдө көз карандысыз, өз адынча маданияттын бир формасы катары жашап келген. Экөө тең маданияттын салыштырмалуу өз алдынча формалары болуп саналат. Гумандуулук жана кара ниеттик логикалык жактан бири-бирин жокко чыгарбайт. Ошондуктан жогорку деңгээлдеги эмес музыкалык чыгарма ал моралдык жактан төмөн экендигинин белгиси катары каралбайт. Музыканы уга билүү да, өзүнчө жөндөмдүүлүктү талап кылат. Музыкалык маданиятка ээ болуу менен автоматтык түрдө нравалуу болуп калбайт, тескерисинче, нравалык тарбия музыкалык маданиятка ээ болду дегенди билдирбейт. Музыка менен моралдык маданиятты өз ара тыгыз байланышта болот, анткени экөө тең адамдын жан дүйнөсүнүн жана рухунун көрүнүштөрүнө, алардын сулуулук жана жакшылык түшүнүктөрүнүн негизинде калыптанышына өбөлгө түзөт.

Байыркы грек ойчулу Платон биздин заманга чейинки VI-кылымда музыканын жанга, денеге, интеллектке жана адамдын ден-соолугуна таасир этүүчү эң күчтүү дары экенин далилдеген. Илимпоздор кийин классикалык музыканы жүрөктүн кагышынын ритминде жазылгандыктан, ал чыгарма абдан оңой кабыл алынат, угуп жатканда, жүрөктүн кан тамырынын кагуу системасында нормалдаштыруу пайда болот деп белгилешкен. Ал эми заманбап рок музыка дене тарабынан начар кабыл алынат жана угуп жатканда жогорку көлөмдүү добуштар психиканын начарлашына алып келиши белгилүү. Поп музыкада адаттагыдай позитивдүү добуштарга көбүрөөк басым жасалып оң эмоциялар пайда болсо, ал эми хип-хопто агрессивдүү жана ырайымсыз ойлорду жаратуусу мүмкүн, бул көрүнүштөгү музыкалык чыгармалар кээ бир адамдарда тиешелүү терс реакцияларды пайда кылат. Азыркы учурда музыка искусствосунда, айрыкча эстрада музыкасында терс таасир тийгизген чыгармалар көбөйүп баратат.

## Корутунду

Жалпысынан айтканда, өтө жөнөкөй адеп-ахлактык баалуулуктардагы айырмачылыкты советтик түзүлүштөгү музыкалык чыгармалардан байкоого болот. Эгемендүүлүккө чейин ырлардын маңызында түбөлүктүү баалуулуктар камтылган, алар позитивдүү ой жүгүртүүлөрдү, жакшы жана жаркын келечек боюнча ишенимдерди алып жүрүшкөн. Советтик аскердик ырлар жеңишке болгон ишеним менен сугарылган, ошол мезгилдеги сезимдерди, жашоонун тынчтыгын чагылдырган. Заманбап поп музыка индустриясында кооз

жашоого аз убакытта жетүү, жеңил акча табуунун жолдору, адепсиздик ж.б. ушул сыяктуу маселелер камтылган. Угуучуга такыр башка баалуулуктар көрсөтүлөт, андан сырткары адамдардын аң-сезиминде жашоону кандай өткөрүү зарыл жана коомдо өзүн кандай алып жүрүү керектиги жөнүндө башка идеялар сүрөттөлөт.

**Пайдаланылган адабиттар:**


1. Горохов А. Музпросвет. / А. Горохов. – Екатеринбург: Кабинетный учёный, 2020. 536 с.
2. Золтаи Д., Этос и аффект. / Д. Золтаи. – Москва: Прогресс, 1977. 376 с.
3. Шестаков В.П. История музыкальной эстетики от Античности до XVIII века. / В.П. Шестаков. – Москва: Музыка, 1975. 351 с.
4. Санд Ж. Консуэло  Жорж Санд. *Произведения. – М. :* Гослитиздат, 1955. -. *Том* 1. - 397 с
5. Аристотель. Проблемы // Античная музыкальная эстетика. М.: Музгиз, 1960. -С.170-172
6. Коломиец Г.Г. Философия Аристотеля в значении онтологического статуса музыки // Вестник Российского университета дружбы народов. Серия: Философия. 2018. Т. 22. № 1. С. 55—64.
7. Ансерме Э. Статьи о музыке и воспоминания. / Э. Ансерме. – Москва: Сов. композитор, 1981. 278 с.
8. Манулкина О. От Айвза до Адамса: американская музыка. / О. Манулкина. – Санкт-Петербург: Иван Лимбах, 2010. 827 с.